**Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу**

ФАО азык-түлүк баа индекси 20113-жылдын май айында орточо 215,2 пункту түзгөн, бул апрель айындагы 215,8 пункт чегиндеги көрсөткүчкө өтө эле жакын, бирок өткөн жылдын май айындагыга караганда 10 пунктка (5 пайызга) төмөн. Ошентип, индекс мааниси 2011-жылдын февраль айында жеткен рекорддук деңгээлинен 10 пунктка төмөн. Май айында анын бир аз төмөндөөсү сүт азыктарына жана кантка баанын түшүшүнүн натыйжасы болуп калган, алардын запасы менен дан эшиндерине баанын өсшү компенсацияланган.

**1-сүрөт.** Негизги азык-түлүк товарларына баа динамикасы
*(тоннасына АКШ долларында)*




**Дан эгиндери**

ФАО болжолдоолоруна ылайык, дан эгиндерин дүйнөлүк өндүрүү 2013-жылы 2,5 млрд. тонна рекорддук деңгээлинде болжолдонууда, бул өткөн жылдагы деңгээлинен 6,5 пайызга жогору. Өсүш, негизинен буудай өндүрүүнүн жогорулоосунун жана АКШда жүгөрүү өндүрүүнүн калыбына келтирилишинин күтүлүп жатышынын эсебинен болжолдонууда. 2013-жылы күрүч өстүрүп алуунун өсүшү да күтүлүүдө, бирок баанын түшүүсү ага кесепеттүү таасирин тийгизет деген кооптонуу да орун алууда.

Дан эгиндерин керектөөнүн жалпы көлөмү 2012-2013-жылдарга салыштырганда 3,0 пайызга көбөйүү менен 2,4 млрд. тоннага жетет. Көбүнчө мындай өсүш АКШда жүгөрүнү тоют жана техникалык өсүмдүк катары пайдалануунун кэбөйүүсү менен камсыз болот. Болжолдоолорго ылайык, тоют өсүмдүктөрүн керектөөнүн жалпы көлөмү экинчи жыл катары менен өнүккөн өлкөлөргө караганда, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө жогорураак. Буудайды жана күрүчтү керектөөнүн өсүшү, жалпысынан калктын өсүш арымына шайкеш келет, ошондуктан дан эгиндерин киши башына орточо керектөө жылына боджолдуу алганда 153 кг деңгээлинде калат.

Сунуш менен суроо-талаптын күндөлүк болжолдоолорунан улам 2014-жылы ссезондун акырына карата дан эгиндеринин дүйнөлүк запастары 569 млн. тоннага чейин көбөйөт, бул акыркы 12 жыл ичинде эң чоң көлөм болуп саналат. Дан эгиндеринин бардык негизги түрлөрү боюнча запастарын өстүрүү болжолдонууда, мында олуттуу өсүш тоют өсүмдүктөрү боюнча күтүлүүдө.

ФАОнун 2012-13-жылдары дан эгиндеринин, буудайдын жана күрүчтүн дүйнөлүк өндүрүлүшүнө, керектелишине жана запастарына баа берүүсү жана 2013-14-жылдарга болжолдоо төмөндө келтирилген.

**Дан эгиндери**




**Буудай**




**Тоют өсүмдүктөрү**




**Күрүч**




*Буудайга жана жүгөрүгө дүйнөлүк баа динамикасы Тиркемеде 1 жана 2-графите келтирилген.*

***Россия***

Россияда жазгы айдоо аяктоодо[1]: өтүп жаткан жылдын 13-июнуна карата абал боюнча жазгы айдоо 48,5 млн. га аянтка же болжолдоого карата 95,2 пайызга айдалган, бул 2012-жылдагыга караганда 321 миң га көп.

**Таблица.** 2013-жылдын 13-июнуна карата абал боюнча Россиядагы жазгы айдоо

| Өсүмдүктөр | Айдоо аянты (млн. га) | % болжолдоого карата | 2012-жылдагыдан четтөө (+/-, миң га) |
|---|---|---|---|
| Дан эгиндери жана дан буурчактар | 30,4 | 100,2 | 505,0 |
| Дан катары жүгөрү | 2,3 ашык | 106,5 | 400,3 |
| Күрүч | 0,2 | 93,3 | -12,6 |
| Дан катары күн карама | 6,7 | 105,1 | 598,0 |
| Соя | 1,2 | 74,1 | -93,5 |
| Жазгы рапс | 1 1 | 92,7 | 84,1 |
| Лен-долгунец | 0,1 | 80,8 | -5,1 |

Дан эгиндеринин түшүмү 2013-жылы Россияда 2010-2011-жылдардагыга караганда жогору болоорун эксперттер болжолдошууда. Ар кандай баа берүүлөр боюнча ал 85 млн. тоннадан 100 млн. тоннага чейинки дан эгинин түзөт, мында экспортко 21 ден 25 млн. тоннага чейин болжолдонот. Россия Федерациясынын Айыл-чарба министрлиги 15 млн. тннага жакынды болжолдоодо. Ал эми данга карата баа аналитиктердин күтүүлөрү боюнча өткөн жылдагыга караганда бир топ төмөн болот.

[1] Россия Федерациясынын субъекттеринин Агрардык-өнөр жай комплексинин башкаруу органдарынын оперативдүү маалыматтарына ылайык

Буудайдын түшүмү 2013-жылы РФ Айыл-чарба министрлинин болжолдоосу боюнча 50-54 млн. тонна деңгээлинде күтүлүүдө, бул билдирүүгө ылайык, ички рыноктун муктаждыгын канааттандырган жакшы запас болуп саналат.

Россия Президенти G20 Жарандык саммитинин өкүлдөрү менен жолугушуусунда Россия дан эгиндер рыногунда өзүнүн контракттык милдеттенмелерин аткарууга жана мындан ары дан эгиндерин экспорттоону чектебөөгө умтулаарын билдирди деп, маалымдайт «Казах-Зерно» маалымат агенттиги.

***Казакстан***

Май айынын экинчи жарымында дан эгиндери жана ун рыногунда баанын төмөндөө тренди сакталып турган, ал бир жагынан суроо-талаптын төмөндөөсүнө, экинчи жагынан бул мезгилде дан эгиндеринин запасынын салыштырмалуу жогору болушуна шартталган.

Даг эгиндери боюнча эл аралык кеңештин (IGC) маалыматына ылайык 2013-2014-сезондо Казакстанда 16,9 млн. тонна дан эгини, анын ичинде 14,0 млн. тонна буудай өндүрүлөт. Кийинки сезондо өндүрүү өтүп жаткан жылдагыга караганда 4,8 млн. тоннага көп, ал эми өткөн жылдагыга караганда бир кыйла төмөнүрөөк болгон өтмө калдыктар менен бирге дан эгиндер балансы сезондо 19,7 млн. тоннаны түзөт жана өтүп жаткан сезондун балансынан 1,1 млн. тоннага артат. Дан эгиндери кийинки жылы 0,3 млн. тоннага, 7,1 млн. тоннага чейин көбөйөт.

Эксперттеринин баа берүүлөрү боюнча өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн шарттар учурда республиканын бардык аймактарында алгылыктуу, анткени кыртыштын нымдуулук менен камсыз болушу жогорку деңгээлде. Ошентип, үстүбүздөгү жылы дан эгиндеринен мол түшүм алуу ыктымалдуулугу жогорку деңгээлде күтүлүүдө.

Казакстанда дан эгиндерин айдоо жогорку деңгээлде жүргүзүлүүдө, деп билдирет «Казах-Зерно» маалымат агенттиги. Айрым аймактарда себүү планы ашыкча толтурулган, өлкөнүн түндүк аймактарында жааган жамгырдан улам айдоо кампанияларынын бир аз кечиктирилгендигине карабастан, башка аймактарда айдап-себүү иштери аяктоодо. Ыкчам маалыматтар боюнча айыл-чарба өсүмдүктөрүн жазгы айдоонун жүрүшүндө өтүп жаткан жылдын 3-июнуна карата Казакстанда дан эгиндери 14,5 млн. га себилген, бул пландаштырылган көрсөткүчтүн 95,9 пайызын түзөт.

***Кыргызстан***

Кыргыз Республикасынын Айыл-чарба жана мелиорация министрлигинин маалыматына ылайык, республикада дан эгиндерин айдоо иштери аяктады. Өтүп жаткан жылы негизги айыл-чарба өсүмдүктөрүн айдоо өткөн жылга караганда 20 күнгө эртерээк башталган, кыртыштын нымдуу болушу мол түшүм алуу үчүн алгылыктуу шарттарды жаратат. Министрликтин алдын-ала маалыматтары боюнча буудайды айдоо аянты 345-450 миң га. түзөт. Буудайдын түшүмү өктөн жылдагыдан жогору, 740 миң тоннага жакын болжолдонууда (2012-жылы – 593 миң тонна болгон). Буудайдын орточо түшүмдүүлүгү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн жогору – гектарынан 21 центнер болжолдонууда (2012-жылы орточо түшүмдүүлүгү 18 центнер түзгөн).

Кыргызстан дүйнөдө буудайды ири импортточулардын ичинде 72 орунду ээлейт деп, билдирет «K-News» ООН (ФАО) БУУнун азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун статистикалык маалыматтарына таянуу менен. Жалпысынан алганда өлкө 0,34 мегатонна буудай импорттойт. Биринчи орунду Италия ээлейт, анын импорту 6,5 мегатоннаны түзөт. Экинчи орунда Испания турат, ал 6,4 мегатоннаны импорттойт. Ал эми Алжир 5,7 мегатонна данды импорттоо менен 3-орунду ээлейт.

**Таблица.** Луговая станциясындагы (Казакстан-Кыргызстан) буудайга карата баа динамикасы
*(тоннасына АКШ доллары)*

| клейковинасы | 15.02.2013 | 05.03.2013 | 16.04.2013 | 18.05.2013 | 17.06.2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| 23-24 % | 346,0 | 339,0 | 293,0 | 283,0 | 277,0 |
| 27-30 % | 362,0 | 355,0 | 309,0 | 299,0 | 293,0 |

**Күн карама майы**

Oil World аналитиктеринин июнь айындагы прогнозуна ылайык 2013/14 –жылдары дүйнөдө күн карама майын өндүрүү өтүп жаткан жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 2,8 млн. тоннага, 38,8 млн. тоннага чейин аба-ырайынын алгылыктуу шарттарынын күтүлүп жатышынын алкагында көбөйөт. Эксперттер, эгерде көрсөтүлгөн прогноз ишке ашса, анда бул фактор май жана андан иштетилип алынган азыктардын дүйнөлүк рыногунда бaага кысым жасайт деп эсептешет.

Күн караманы дүң жыйноонун олуттуу өсүшү ЕС өлкөлөрүндө күтүлүүдө. Көбүнчө, Испанияда май алынуучу өсүмдүктөрдү айдоо аянттарынын 130 миң га кеңейүүсүнүн алкагында жаңы сезондо күн караманын түшүмү мурдагы сезондогу 0,6 млн. тоннага каршы 1,0-1,1 млн. тоннага жетиши мүмкүн. КМШ өлкөлөрүндө күн караманын түшүмү 2013/14 –жылдары 18,8 млн. тоннага жетиши ыктымал. Көбүнчө, Украинада май алынуучу өсүмдүктөрдү 9,4 млн. тонна деңгээлинде рекорддук дүң жыйноо күтүлүүдө. Россия үчүн бул көрсөткүч 8,4 млн. тоннаны түзөт.

*Күн карама майына дүйнөлүк баа динамикасы Тиркемедеги 3-графикте келтирилген.*

**Кант**

Рынок аналитиктеринин пикири боюнча 2013-14 –жылдары алдыңкы өндүрүүчүлөр (Бразилия, Россия жана ЕС) кантты күтүлүп жаткандагыдан азыраак чыгарышат. Мисалы, Россияда өндүрүү 4,4 млн. тоннаны түзөт, бул мурда болжолдонгондогудан 5,0 пайызга төмөн.

Украинанын агрардык саясат жана азык-түлүк министрлиги кийинки маркетинг жылы кантты өндүрүүнүн 1,5-1,6 эсеге, 1,4-1,5 млн. тоннага чейин кыскаруусун болжолдоодо.

Бирок, алгылыксыз болжолдоолорго карабастан, эксперттердин пикири боюнча 2013-14-жылдары ашыкча көлөмүнүн кыскаруусу өтүп жаткан сезондо алардын көбөйүүсү менен компенсацияланат. Кант боюнча Эл аралык уюмдун (ISO) билдирүүсүнө ылайык, 2012-13-жылдары кант өндүрүү суроо-талаптан 10,0 млн. тоннага артуу менен 181,7 млн. тонна рекорддук көрсөткүчкө жетет. Глобалдык профицитти оптимисттик болжолдоолор кантка карата дүйнөлүк баанын төмөндөөсүн шарттаган.

Ошентип, кантка карата баанын төмөндөөсү дүйнөлүк рыноктордо импорттук суроо-талаптын төмөндөөсүнүн айкалышында сунуштун көлөмүнүн жогорулоо тенденциясын чагылдырат.

*Кантка жана иштетиле элек кантка карата дүйнөлүк баа динамикасы Тиркемедеги 4-графикте келтирилген.*

**1 -таблица** Азык-түлүк рыногу (2012/13-жылы өндүрүшкө, керектөөгө, өтмө запастарга баа берүүнүн бир айлык динамикасы жана азык-түлүк товарларына баа)

| | *Өндүрүшкө баберүү, млн. тонн* | *1 ай ичиндеги өзгөрүүсү, %* | *Керектөөгө баа берүү, млн. тонн* | *1 ай ичиндеги өзгөрүүсү %* | *Запастарга баа берүү, млн. тонн* | *1 ай ичиндеги өзгөрүүсү %* | *Фьючерс, тоннасы на АКШ доллары* | *1 ай ичиндеги өзгөрүүсү в %* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дан эгиндери (дүйнөлүк)** | 1 916,0 | 0,5 | 1 883,0 | 0,4 | 367,0 | 1,7 | 307,7 | 3,4 |
| **Буудай** | 695,9 | -0,7 | 694,5 | -0,1 | 181,2 | -2,8 | 298,5 | -8,2 |
| ***Кыргызстан*** | 0,7 | 0,0 | 1,3 | 0,0 | - | - | 293,0 | -2,0 |
| ***АКШ*** | 56,6 | 1,1 | 36,0 | 0,0 | 17,9 | -1,7 | 257,4 | 2,2 |
| ***Австралия*** | 24,5 | 0,0 | - | - | 4,0 | -16,7 | - | - |
| ***ЕС-27*** | 137,4 | -1,0 | 122,8 | -0,8 | 11,5 | -19,7 | 277,4 | -1,7 |
| ***Кытай*** | 121,0 | 0,0 | 120,5 | 0,0 | 61,7 | 0,0 | 387,2 | -2,5 |
| ***Россия*** | 54,0 | -3,6 | 36,5 | -2,7 | 6,4 | 0,0 | 282,8 | -1,9 |
| ***Казакстан*** | 15,0 | 0,0 | 7,2 | 0,0 | 6,9 | -42,6 | 293,0 | -2,0 |
| **Жүгөрү** | 962,6 | -0,3 | 935,1 | -0,2 | 151,8 | -1,8 | 267,1 | 4,5 |
| **Күрүч** | 479,2 | 0,0 | 476,3 | -0,1 | 108,6 | 0,7 | 357,7 | 6,9 |
| **Күн карама майы** | 15,0 | 0,4 | 14,0 | 0,5 | 2,7 | -0,4 | 1 269,1 | 3,4 |
| **Кант**[2] | 174,9 | 0,0 | 167,3 | 0,0 | 38,2 | 0,0 | 374,1 | 1,0 |

[2] АКШнын айыл-чарба министрлигинин май айындагы баа берүүсү

**1-график. Буудайга дүйнөлүк баа динамикасы, 01.05.12-20.06.13**
*(тоннасына млн. АКШ доллары)*




**2-график. Жүгөрүгө дүйнөлүк баа динамикасы 01.05.12-20.06.13**
*(тоннасына млн. АКШ доллары)*




**3-график. Күн карама майына дүйнөлүк баа динамткасы, 01.05.12-20.06.13**
*(тоннасына млн. АКШ доллары)*




**4-график. Кантка жана иштетиле элек кантка дүйнөлүк баа динамикасы, 01.05.12-20.06.13**
*(тоннасына млн. АКШ доллары*

